| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>Ош облусу<br>Алай району<br>Корул айылдык кенеши | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>Ошская область<br>Алайский район<br>Корулский айылный кенеш |
|---|---|---|

## Корул айылдык Кенешинин 7-чакырылышынын кезексиз

## 23-отурумунун

# Т О К Т О М У

**25.09.2023-жыл.** **№23/1** **Тогуз-Булак айылы**

**Корул айыл өкмөтүндө "Жергиликтүү курултайды чакыруу" жана өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы №215 Жарлыгы менен бекитилген "Жергиликтүү курултайды чакыруу"жөнүндөгү жобонун негизинде Корул айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы №215 Жарлыгы менен бекитилген "Жергиликтүү курултайды чакыруу"жөнүндө жобонун негизинде Жергиликтүү курултайды өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы төмөндөгүлөрдөн түзүлсүн. (тиркеме тиркелет №1).

2. Корул айыл өкмөтүнүн тиешелүү аймактарында жергиликтүү курултайга делегаттарды шайлоо боюнча өткөрүлө турган жыйындардын графиги тиркемеге ылайык бекитилсин жана өз убагынан кечиктирилбей өткөрүлсүн. (тиркеме тиркелет №2).

3. Жергиликтүү курултай боюнча айыл тургундарына кабарлоону жана ушул айыл өкмөттө туулуп өскөн, айыл өкмөттүн өнүп өсүшүнө кызыкдаар болгон аквтивдүү жарандарга жекече маалымдоону жеткирүү жагы тиешелүү участкалардын депутаттарына жана айыл өкмөт башчы М.Ж.Турганбаевке милдеттендирилсин.

4. Жергиликтүү курултайды чакыруу жана өткөрүү боюнча делегаттарды шайлоону уюштурууга ар тараптан көмөк көрсөтүп тиешелүү кагаздарын (жыйындын протоколун, шайланган делегаттын аңкеталарын, жана алардын өздүк документтерин) 3 (үч) Жумушчу күндөн кечиктирбей айылдык кеңешке тапшыруу жагы жумушчу топко милдеттендирилсин.

5. Жыйындардын тиешелүү документтерин каттап, жергиликтүү курултайды чакыруу боюнча керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айылдык кеңештин жоoптуу катчысы М. Матисаковко тапшырылсын.

6. Ушул токтомдун аткарылышын өз көзөмөлүмө аламын.

Төрайым М.А.**Абдыкадырова**

Корул айылдык Кеңешинин
25.09.2023-жылдагы
23/1 токтомуна тиркеме

**Корул айыл өкмөтүндөгү Жергиликтүү курултайды чакыруу жана өткөрүү боюнча жумушчу комиссиянын курамы:**

**М.А.Абдыкадырова** - айылдык кеңештин төрайымы -жумушчу топтун төрайымы

**М.К.Матисаков** -айылдык кеңештин жооптуу катчысы - жумушчу топтун катчысы

**МҮЧӨЛӨРҮ:**

**К.Бердиев-** Корул айылдык кеңештин депутаты- жумушчу топтун мүчөсү

**К.Караева-** Корул айылдык кеңештин депутаты- жумушчу топтун мүчөсү

**Э.Раева-** Корул айылдык кеңештин депутаты- жумушчу топтун мүчөсү

**Т.Муса уулу-** Корул айылдык кеңештин депутаты- жумушчу топтун мүчөсү

**Нажимидин уулу Тазабек-**Корул айылдык кеңештин депутаты-жумушчу топтун мүчөсү

**Б.Алмазбек уулу-**Корул айылдык кеңештин депутаты- _ жумушчу топтун мүчөсү_

**Д.Дайырбаев-** Корул айылдык кеңештин депутаты- жумушчу топтун мүчөсү_

**А.Орозалиев-**Корул айылдык кеңештин депутаты- жумушчу топтун мүчөсү

**А.Жороев-** Корул айылдык кеңештин депутаты- жумушчу топтун мүчөсү

**Т.Назарова-** Корул айылдык кеңештин депутаты-жумушчу топтун мүчөсү

**М.Жороева-** Корул айылдык кеңештин депутаты-жумушчу топтун мүчөсү

**К.Исаева-** Корул айылдык кеңештин депутаты-жумушчу топтун мүчөсү

**А.Акматалиева-**Корул айылдык кеңештин депутаты-жумушчу топтун мүчөсү

**С.Жакыпов-**Корул айыл өкмөтүндө өзгөчө кырдаалдар боюнча башкы адис-жумушчу топтун мүчөсү.

Корул айылдык Кеңешинин
25.09.2023-жылдагы 23/1
токтомуна №2 тиркеме

Корул айыл өкмөтүндөгү Жергиликтүү курултайды чакыруу жана өткөрүү боюнча өткөрүлө турган жыйындардын

**Графиги**

| № | Айылдын аталышы | Датасы | Өткөрүлө турган жери |
|---|---|---|---|
| Корул айыл өкмөтү | | | |
| 1 | 1-май айылы | 2023-жылдын 30-сентябры | Ж.Орозов мектеби |
| 2 | Олжеке айылы | 2023-жылдын 30-сентябры | А.Маматов көчөсү (мечит) |
| 3 | Тогуз-Булак айылы | 2023-жылдын 1-октябры | Маданият үйү (клуб) |
| 4 | Таш-Кыя айылы | 2023-жылдын 1-октябры | К.Тайчабаров орто мектеби |
| 5 | Атаке айылы | 2023-жылдын 2-октябры | Атаке айылы |
| 6 | Кең-Жылга айылы | 2023-жылдын 2-октябры | Ж.Алимов орто мектеби |
| 7 | Арал айылы | 2023-жылдын 3-октябры | Маназаров орто мектеби |

**Айылдык кеңештин жооптуу катчысы** [signature] **М.К.Матисаков**